Инвестордон жаңылыктар

# «Май – 2023»: футбол боюнча турнир











**Үстүбүздөгү жылдын 5-майында «Алтынкен» ишканасы май майрамдарына карата Орловка шаарындагы «Кристалл» спорт комплексинде футбол боюнча мелдеш өткөрдү.**

Ишкананын башкы директорунун биринчи орун басары Каныбек Дыйканов белгилегендей, турнирдин максаты ишкана менен жергиликтүү калктын ортосундагы байланышты, мамилени чыңдоо болуп саналат. Каныбек Бахапович көрүүчүлөрдү жана турнирдин катышуучуларын Кыргыз Республикасынын Конституция күнү менен куттуктады.

Ошондой эле турнирдин ачылышында компанияга куттуктоо жана ыраазычылык сөздөрүн Орловка шаарынын мэри Бактыбек Чанчаров жана Кемин райондук ички иштер бөлүмүнүн башчысы Эрлан Исмаилов билдиришти. Айтмакчы, алар да өз командалары менен футбол ойношту.

Чындыгында оюндун жүрүшүндө бардык командалар мыкты оюн көрсөтүштү. Атап айтсак, 3-орун үчүн Кемин РИИБи менен Орловка шаарынын мэриясынын командаларынын ортосунда катуу таймаш жүрдү.

Албетте, турнирдин башкы матчы «Алтынкен» ишканасынын командасы менен Орловка шаарынын жаштар командасынын финалдагы оюну болду.

Турнирдин жыйынтыгы боюнча байгелүү орундар төмөндөгүдөй бөлүштүрүлдү: 1-орун – Орловка шаарынын жаштар командасына, 2-орун – “Алтынкен” ишканасынын командасына, 3-орун – Орловка мэриясынын командасына.

Жыл сайын өтүүчү бул турнирге биринчи жолу катышып жаткан Кемин РИИБнин командасына кызыктыруучу сыйлык берилди. Жеңүүчүлөргө Кубок, диплом, медалдарды, ошондой эле акчалай сыйлыктарды компаниянын башкы директору Вэнь Яфен тапшырды.

Турнирдин мыкты оюнчусу деп Орловка шаарынын жаштар курама командасынын мүчөсү Бекназар Самудинов, мыкты дарбазачы деп «Алтынкен» ЖЧКсынын командасынын оюнчусу Бакыт Рахманов табылды. Турнирдин эң кооз голун Кемин РИИБнин башчысы Эрлан Исмаилов киргизип, ал дагы акчалай сыйлык менен сыйланды.

Ошол эле күнү кечинде турнирдин бардык катышуучуларына Кемин шаарындагы кафелердин биринде салтанаттуу тамактануу болду.

Турнирдин катышуучулары «Алтынкен» компаниясына турнирди жогорку деңгээлде уюштургандыгы үчүн ыраазычылык билдиришип, иштерине ийгиликтерди каалашты.

Жыл сайын турнирдин форматы кеңейип, келерки жылы футбол боюнча гана эмес, аялдар командалары арасында волейбол боюнча мелдеш уюштуруу идеясы да бар экендиги айтылды.

# “Алтынкенден” ардагерлерге урмат-сый









**Көп иштеткен инвестор компания Улуу Ата Мекендик согуштун ардагерлерин жана оорук эмгекчилерин Жеңиш күнү менен куттуктады.**

9-Май – ата-бабаларыбыздын өлбөс-өчпөс эрдигин даңазалаган, көп улуттуу элибиздин бirimдиги жана ынтымагы менен жаркын жашоону тартуулаган Жеңиш күнү! Даңктуу тарыхыбыз менен элибиз дайыма сыймыктанып, бул күндү тынчтыктын, ынтымактын майрамы катары белгилеп келет.

Улуу Ата Мекендик согуштагы Жеңиш күнүнүн 78 жылдыгына карата Кемин районунда бир катар иш-чаралар өткөрүлдү. «Алтынкен» ишканасы да четте калбай, согуштун ардагерлерин жана оорук эмгекчилерин куттуктады.

Райондогу Орловка шаарында Улуу Ата Мекендик согуштун бир гана ардагери калды – ал Иван Акимович Брянский. «Алтынкен» ишканасынын финансылык директору Цю Чундэ башында турган ишкананын жетекчилигинин өкүлдөрү аны майрамы менен эң биринчилерден болуп куттукташты. Учурда ардагерди неберeси жана үй-бүлөсү карап, багып жатат.

Иван Акимовичтин жашы 100гө жакындап калса да анын акыл-эси кадимкидей. Ардагердин көрүүсү жакшы, бирок начар угуп, таяктын жардамы менен гана кыймылдайт. Улуу Ата Мекендик согуштун жалгыз ардагерине облустук маданият бөлүмү тарабынан уюштурулган чакан концерт тартууланды.

Андан соң Цю Чундэ конвертке салынган 30 миң сом, азык-түлүк топтомун берди. «Алтынкен» ишканасынын жетекчилигинин атынан ардагерге Улуу Ата Мекендик согушта көрсөткөн эрдиги үчүн ыраазычылык билдирип, ден соолук жана бакубатчылык каалады.

Мындан сырткары, Орловка шаарында ооруктун эмгекчилери Мария Николаевна Кашина менен Ева Кирилловна Марина да жашашат. Жеңиштин көзгө көрүнбөгөн жоокерлери – булар ооруктун эмгекчилери. Алар согуш убагында өздөрү жебей, жеңиш үчүн бардык баалуу нерселерди фронтко жөнөтүп турушкан.

Жаш куракtары келип калганына карашпастан, оорук эмгекчилери Мария Николаевна менен Ева Кирилловна шайыр мүнөздөрү менен өзгөчөлөнүп турушат. Экөө тең өздөрүн караган кыздары менен жашашат.

Ушул эле күнү Чоң-Кемин айыл округунан «Алтынкен» ишканасынын өкүлдөрү келишип, оорук эмгекчилерин: Калмак-Ашуу айылында Жумабүбү Саркулованы, Тар-Суу айылында Батма Жееналиеваны куттукташты.

«Алтынкен» ишканасы жыл сайын келип, Батма апаны куттуктап жүргөндүктөн ал апа 9-майда таң эртеден бери күтү[...] аткан экен. Оорук эмгекчиси быйыл 95 жаш юбилейин белгилегени турат. А[...] абдан бай адам, анткени анын 9 баласы жана 110дон ашык небере-чөбөрөлөр[...] бар.

Анын кыздары өздөрү да мойнуна алып, баарын санай алышпайт. Барды[...] оорук эмгекчилерине азык-түлүк топтом[...] дору жана акчалай конверттер тапшы[...] рылды.

Жыл сайын 9-май – Улуу Жеңиш күнүндө “Алтынкен” ардагерлерин унут[...] пайт. Бул Жеңиш биздин эсибизде [...] биз үчүн жанын кыйган адамдарды[...] элеси урпактарынын эсинде түбөлүкк[...] сакталат.

**Жыпара ЖЭЭНАЛИЕВА**
**“Кыргыз Туусу”**